# АКЫНДАР ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНДА ЖОКТОО ЫРЛАРЫНЫН ПОЭТИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ, САЛТТУУЛУК ЖАНА ЖАҢЫЧЫЛДЫК

## The Poetic Feature of Laments in The Works of Poets: Tradition and Innovation

**Jeerenche M. İsmailov**
Doç. Dr., Philological Sciences, Kyrgyz State University named after I. Arabayev,
jmederov1982@mail.ru

**Makale Bilgisi | Article Information**

*Makale Türü / Article Type:*

*Araştırma Makalesi / Research Article*

*Geliş Tarihi / Date Received:* 20 Şubat 2023

*Kabul Tarihi / Date Accepted:* 10 Mayıs 2023

*Yayın Tarihi / Date Published:* 30 Haziran 2023 / 30 June 2023

**İntihal | Plagiarism**

Bu makale, iThenticate yazılımınca taranmıştır. İntihal tespit edilmemiştir.

*This article has been scanned by iThenticate. No plagiarism detected.*

**Değerlendirme | Peer-Review**

İki Hakem / Çift Kör Hakem

*Double anonymized - Two External*

**Atıf | Citation**

İsmailov, J. M. (2023). Акындар чыгармачылыгында жоктоо ырларынын поэтикалык өзгөчөлүгү, салттуулук жана жаңычылдык. *CAKUJTS, 3 (1)*, 13-25

**Telif Hakkı | Copyright**

(CC BY-NC 4.0) Uluslararası Lisansı altında lisanslanmıştır.

*Licensed under the (CC BY-NC 4.0) International License.*

**Etik Beyan | Ethical Statement**

Bu çalışmanın hazırlanma sürecinde bilimsel ve etik ilkelere uyulduğu ve yararlanılan tüm çalışmaların kaynakçada belirtildiği ve yazarının sorumluluğunda olduğu beyan olunur.

*It is declared that scientific and ethical principles have been followed while carrying out and writing this study and that all the sources used have been properly cited.*

**Finansman | Grant Support**

Bu araştırmayı desteklemek için dış fon kullanılmamıştır.

*The author(s) acknowledge that they received no external funding in support of this research.*

## Abstract

When it comes to traditional works related to the death of a person, such as wills, messages, mourning, what is usually not noticeable in everyday life or is not so often perceived in real life, the law of life becomes real. Indeed, in poems of this kind, a person can comprehend, comprehend, comprehend and comprehend all the details of life, qualities in all directions, laws of the Universe, individual social relations, situations and much more. Mourners, memorial poems are the main of the traditional works associated with the death of a person in the poetry of poets. In mournful, memorable poems, thematic diversity is characteristic, and with this feature, poetic poetry is considered as a separate kind, genre, every day more and more acquires its relevance and continues to live among the people eternally immortal and unquenchable. traditional works are dedicated to the creativity, human qualities, humanity of master speakers who enjoy respect and authority among the people, with a description of their place in society, differences, virtues and basic virtues. Grieving, memorable poems in some cases are addressed to only one poet, a master, and are distinguished by the fact that they are short, with clear descriptions, imaginative outputs.

**Keywords:** Creativity of poets, folk songs, art songs, traditional works, proverbs.

## Öz

Günlük hayatta genellikle fark edilmeyen veya gerçek hayatta çok sık algılanmayan şeyler

vasiyet, mesaj, yas gibi bir kişinin ölümüyle ilgili geleneksel eserlere dönüştüğü zaman hayatın kanunu gerçek olur. Nitekim insan bu tür şiirlerde hayatın tüm detaylarını, her açıdan niteliklerini, Evrenin yasalarını, bireysel ve sosyal ilişkileri, durumları ve çok daha fazlasını kavrayabilir. Ağıtlar ve anma şiirleri şairlerin eserlerinde bir kişinin ölümüyle ilişkilendirilen geleneksel ürünlerin başında gelir. Hüzünlü, akılda kalan şiirlerde tematik çeşitlilik karakteristiktir ve bu özelliği ile manzum şiir ayrı bir tür olarak değerlendirilir. Tür, her geçen gün daha fazla alaka kazanır ve insanlar arasında sonsuza dek ölümsüz ve söndürülemez bir şekilde yaşamaya devam eder. Geleneksel eserler, halk arasında saygı ve otorite sahibi usta konuşmacıların yaratıcılığına, insani vasıflarına, insanlığına ithaf edilmiş ve onların toplumdaki yeri, farklılıkları, erdemleri ve temel özellikleri anlatılmıştır. Bazı durumlarda hüzünlü, unutulmaz şiirler yalnızca bir şaire, bir ustaya hitap eder ve kısa olmaları, net tanımlamaları ve yaratıcı çıktıları olmasıyla ayırt edilirler.

**Anahtar Kelimeler**: Şairlerin eserleri, halk şiirleri, ağıtlar, atasözleri, deyimler.

Жоктоо**,** эскерүү ырлары акындар поэзиясында салттуу чыгармалардын ичинен негизгилеринен болуп саналат. Буга, далил катары Арстанбектин манасчы Акылбекти жоктоосу, Токтогулдун Жеңижокту жоктогону, Барпынын Токтогулду жоктоосу, Коргоолдун Айтикени жоктоосу, Осмонкулдун Арстанбекти жоктогону жана Нурмолдо, Калыктын, Ысмайыл Борончиевдин Кош Алымкул деген жоктоосу, А.Кутманалиевдин устаты Э.Турсуналиев өлгөндөгү кош устатым деген жоктоосу, Э.Иманалиевдин жазуучу Ч.Айтматов өлгөндөгү жоктоосу, А.Болгонбаевдин, А.Маратовдун, Б.Акматовдун, А.Султан уулунун жоктоо, эскерүүлөрүн айтууга болот. Мындай салттык чыгармалар эл арасында кадырлуу, барктуу, оозунда кеби бар сөзгө чебер өнөрпоздордун чыгармачылыгына, адамдык сапатына, адамкерчилигине арналып, алардын коомдогу алган орду, бири-биринен өзгөчөлүгү, артыкчылыгы жана негизги жакшы жактары сыпатталып, эскерүүгө алынат. Жоктоо, эскерүү ырлары кээ бир учурларда бир гана акынга, өнөрпозго багытталып, ары кыска, сүрөттөөлөрү таамай, элестүү чыккандыгы менен айырмаланат. Нур Молдо акындын жоктоосу беш, алты гана саптан туруп ал акындын чыгармачылык өнөрүн да, адамдык сапатын да көз алдыбызга элестүү кылып тартып коёт.

Барпы акем жарыкты сүйгөн ырчы эле,
жан бүткөндүн курчу эле.
Жараткан көзүн алса да,
Жүрөгү күйүп турчу эле.
Барпы акем адамдан чыккан төкмө эле,
Акындык күчү көктө эле.
Ак кепин кийип жатпайбы,

Алоосу өчүп өрт дене (Осмонкул, 1968, s. 58).

же:

Куйручук айлы Багышан,
Күйдүргү кеби дагы шаң,
Оюн, күлкү аземи,
Ал жүргөн жердин баары шаң,
Аксыны келсе аралап,
Анжиян, кокон жагы шаң.
(Нурмолдо)

Кандай гана жогорку деңгээлде баа берүү. Ыр жолундагы ар бир сөзү салмактуу жана мааниси терең өзүнчө бүтүмдүккө ээ. Кыска болсо да нуска айтылган жоктоо. Көзү сокур болсо да көкүрөгү менен эл тааныган, өз оюн эркин туюндурган, ар кыл тематикада ырдай алган, айтыштарга түшүп өз күчүн өлчөй билген өнөрпозду "Адамдан чыккан төкмө эле, акындык күчү көктө эле" деп акынга тиешелүү сапатын сүрөттөп, чеберчилигин даңазалап эскерип жатат. Ал эми кийинки ырда көпчүлүк элди аралап өнөрү менен таанымал болгон Куйручукту ким гана билбейт. Оюн чыны аралаш күйдүрүп сүйлөгөн сөзү менен жүргөн жеринин баарын күлкүгө айлантып шаңга бөлөгөн инсандын портретин жогорку мисал ачык чагылдырып жатат.

Чындыгында, өз өнөрлөшүнүн  сөз чеберчилигине тең келе турган бааны, сөз маанисине түшүнгөн кесиптештеринен башка эч ким бере албасы анык. Сөз  чеберлери өздөрүнүн өнөрлөрүнүн баа жеткис, кайталангыстыгына карата сөз тапкандыгы менен да таң калтырат.

Ак тулпар элең железе,
Ак шумкар элең чегеде.
Ак тулпар кетти железен,
Ак шумкар учту чегеден.
Эми туулбайт сендей пендеден.

Карчыга кушту качырдым,
Кара белди ашырдым.
Кадырман Өтө досумду,
Кара бир жерге жашырдым.

Оң менен солго тең эле.
Ачылган ырдын кени эле,
Айтканымча бар эле,
Алтын, дилде зар эле (Токтогул, 1989, s. 218) дейт.

Акын элдин сүйлөө речиндеги сөздөрдүн каймагын калпып алып, андан тунук поэзияны жаратты. Ошон үчүн уккан адамдын кулагынын курчу

канбайт да, окугандардын оюу асманга чабыттайт. Кандай гана керемет сөздөр менен айтылган эскерүү, жоктоо. Көркөмдүк тууралуу окумуштуу А. Садыков "Акын жалпы элдик тилдин казынасынан пайдаланаары чындык. Бирок, аны ар ким өзүлөрүнүн дараметине жараша ар кандай деңгээлде көркөмдөйт, кооздойт. Айталык, ал мурдатан фольклордо жашап келген сөз каражаттарына кайрылган күндө да, аны конкреттүү учурларга ыңгайлаштырат, ага жакын маанилик көркөмдүк оттенкаларды киргизет" (Садыков, 2004, s. 69). деген пикирин айтат. Таланты менен таш жарган акындын кайталангыстыгын "шумкарга", "тулпарга" көркөмдөп салыштырып, "Туулбайт сендей пендеден" деп күйүттүү санаа менен коштоп, досун кара жерге жашырганын, андан соң анын улуулугун, акындык чеберчилигинин тереңдигин, жалпы оң менен солго бирдей экендигин белгилеп келип, эми Жеңижоктой акындын ордун эч ким толтура албастыгын жоктоп, өксүк менен жыйынтыктап жатат. Мына ушул өңдүү атпай журтка таанымал инсандарды эскерүү, портреттик мүнөздө баа берүү, анын коомдон алган ордун, жеке адамдык сапатын белгилеп өзгөчөлөп ырдоо жоктоо ырларынын негизгилеринин бири катары орун алат. Буга мисал катары:

Ак калпак кыргыз көп мактайт,
Арстанбек акын деп.
Оозун ачкан далай жан,
Ушунуку макул деп.
Казак менен Кыргызга,
Кабары толук угулган.
Өткөн менен кеткендин,
Жайын айтып ырдаган.
Келечекти көбүнчө,
Дайын айтып ырдаган.
Өзү жука, кызылдуу,
Оттой көзү жайнаган.
Айта берсе ар жактан,
Асыл кеби кайнаган.
Ага окшогон булбулдун,
Ажал тилин байлаган (Комиссия, 1946, s. 105).

Мында айтылгандардын эч төгүнү жок. Бул турмуш чындыгы. Эскерүүдө Арстанбек акындын эл арасында өнөрү менен маданий мурас катары чоң из калтырганын жеке эле кыргыз эли эмес, коңшу казак элине да кабары угулган өз мезгилинин улуу акыны экендиги баяндалып, анын чыгармачылыгында башка өнөрпоздордон өзгөчөлүгү өз баамында доордун курч проблемасын козгоп, элдин эртеңки келечекке болгон тагдыры, ал абалы жөнүндө ой жүгүрткөн залкар

экендиги айтылып портреттик негизде сүрөттөлүп, баа берилип олтурат. Чыгармачыл инсандын кандай өзгөчөлүгү бар экени, анын сапаты, таасирдүүлүгү көпчүлүк массага жеткендиги мына ушундай эскерүү менен бааланмакчы. Бул өңдүү кайталангыс ритмде айтылган жоктоо, эскерүү ырларынын таалим-тарбиялык мааниси зор. Себеби, мында айтылган ой акындык өнөрдүн тематикасына тереңден кирип, чыгармачылыктын ары татаал ары түйшүктүү экени көркүнө чыгып олтурат.

Окумуштуу Ш.Үмөталиев: "Кайсы гана улуу акын же жазуучу болбосун, анын улуулугу – ал жактаган же ал көтөргөн идея менен идеялардын улуулугунда, прогрессивдүүлүгүндө жана да аны өзүнө тете кылдат чеберчиликке ширей билгендигинде"–дейт. Чындыгында акындар чыгармачылыгында өздөрү менен өздөрү сүйлөшүп, өнөрлөрүн өтө көтөрүңкү түрдө жогору баалап, мүнөздөй турган артыкчылыкка ээ. Акындар өзүлөрүн "агыны катуу суугa, дайрага, булбулга, күкүккө, торгойго, алтынга, күмүшкө, зерлерге, тулпарга, шумкарга, бууданга" салыштырып, "алтын жаак, жез таңдай", "кара жаак, кайкы тил", "күрмөлбөгөн көмөкөй" деген өңдүү көптөгөн метафора, салыштыруулар менен мүнөздөп, сүрөттөп келишкен. Мына ушундай ой Ысмайыл Борончиевдин "Акындарды жоктоо" же "Кош Алымкул" аттуу эскерүү, жоктоо ырында чагылдырылат. Эл арасында "өнөрүң болсо өргө чап", "өнөрлүү өлбөйт" – деген накыл кептер бар. Бул накыл кептер эки мааниде чечмеленет. Биринчиси, өнөрлүү адам кандай кыйынчылык кырдаал болуп, башына караан түн түшсө да жолун таап, жанын багып кетет. Ал эми экинчиси - өнөрү бар адамдын көзү өтүп кетсе да, экинчи өмүрүн өнөрү улантып, өзү жараткан ишинин натыйжасы артында калып, узакка жашай берет. Мына ушул өлбөй турган өнөрлөрдүн ичинен узакка жашай турган көркөм сөз өнөрүнүн "өнөр алды кызыл тил" – деп тил өнөрүнүн ээси, кызыл тилин бүлөп, чыгарган чыгармалары аркылуу элге атагы жайылып, абийир тапкан, талантын талант бере алгыс, өнөрүн өнөр жеңе алгыс булбул тилдүү, жез таңдай акындарыбыздын кайталангыс бай мурастарын элибиздин көөнөрбөс рухий байлыгы катары кароого болот. Ушундай уңгулуу салтты улаган, төкмө акын Ысмайыл Борончиевдин өнөр адамы болгон Алымкул Үсөнбаевдин дүйнөдөн кайтканында ырдап, анда жалпы кыргыз элинин өнөрлүү адамдарын, көрүнүктүү акындарын, эл шайырларын, манасчыларын, жомокчу-жамакчыларын, комузчу күүчүлөрүн, деги эле өнөрү менен элге таанылган чыгармачыл адамдарды кошуп ырдаган эскерүүсү, жоктоосу бул салттык жанрды бийик деңгээлге көтөрүп кеткен, тарыхый мүнөзгө ээ, эл арасында өмүрүн улантып жашай берүүчү үлгүлүү эскерүү, жоктоо болуп калды.

Санап, санап олтурсак,
Замандар өткөн экен да.
Залкар-залкар нечен бир,
Адамдар өткөн экен да.
Көрбөй калдык далайын,
Көп акындар өтүптүр,
Көңүлүңөргө салайын (Ысмайыл, 1990, s. 257) дейт.

Ыр мисалында келтирилгендей, акындын элдин тарыхын, оозеки чыгармачылыгын жакшы билгендиги “замандар өткөн экен да, залкар-залкар нечен бир адамдар өткөн экен да” деп өзүнөн мурунку заманда жашап өткөн өнөрпоздорду айтып жатканы, акындын өнөрдү сыйлагандыгынан, баалай билгендигинен кабар берип жатат. Мында чоң жомокчу Чоюке, Тыныбек, Келдике, Таабалды, Шапак, Дыйканбай, Сагынбай баштаган манасчыларды, “Өнөрүн элге чача албай, өрттөнүп ичи шакардай, өнөрүн бүтүн өлгүчө, өзөгүнө сактаган” деп Арстанбек, Молдо Кылыч, Музоокени, “Омоктуу ырчы абыдан, соолуган гүлдөй шалкайып, сонундун баары куруган” деп Солтобайды, “ак сакалы жаркылдап, аргендей үнү шаңкылдап” деп Нурмолдону, “Торгою экен адамдын, тоо булбулу” деп Токтогулду, “эркинин көрбөй замандын, эртерээк кетти” деп Эшмамбетти, “карыялар көп мактайт, казак менен кыргызга кадамы жеткен деп мактайт” деп Эсенаман, Чоңдуну. Кара Курман, Коргол, Калык өңдүү акындарды, “Карамолдо, Атай өлгөндө, кордугуң кыйын шум ажал, кол барбай турду көмгөнгө” (Ысмайыл, 1990, s. 265) деп күүчү, комузчулар сыяктуу жана башка көптөгөн кыргыз элинин өнөрлүү инсандарын санап, алардын ар биринин талантына мүнөздөмө берип, өкүнүч, күйүт менен эскерип, жоктоп өтөт. Бул аталган чыгарма жоктоо, эскерүү салттык ырларынын ичинен көлөм жагынан да, мазмун жагынан да эң ирдүү чыгармалардын бири болуп эсептелинет.

Элдик оозеки чыгармачылыкта салттуулук маселеси олуттуу көңүл бурулууга тийиш экендиги менен бирге, чыгармачылыктын жаңы өсүшү, өнүгүшү менен айырмаланып белгиленет. Дегенибиз, жоктоо, эскерүү ырлары дагы салттуу мүнөз күтүп, акындар тарабынан аткарылып, али бүгүнкү күнгө чейин өмүрүн улантып, өңүнүн көркөмдүк деңгээлин жоготпой, тескерисинче эл арасынан түнөк таап, актуалдуулугун арттырып келет. Кечээ эле акындык өнөрдөн баар тапкан, элге аттын кашкасындай белгилүү инсандарыбыз А. Айталиевди, Т. Абдиевди, З. Үсөнбаев, А. Кутманалиев, Э.Иманалиев баш болгон жана да азыркы күндө бир катар белгилүү болуп калган А.Болгонбаев, А.Маратов, Б.Акматов, А.Султан уулу өңдүү жаш акындар ата салтын улап, комуздарын колго алып, уй мүйүз тартып туруп алышып биринен сала экинчиси устаттарынын ким экендигин,

алардын чыгармачылыгын, баскан жолдорун айтышып, эл арасынан шум ажал алып кеткендигин кейүү менен баса белгилешип, устаттарын ый аралашкан өксүк менен жоктошушуп, эскергендери эл арасына жайылыпган. Тилекке каршы, бул жоктоолор басмада жарык көрбөгөндүгү өкүндүрөт.

Ал эми эл арасына таркап, жарыкка чыккан жоктоо ырлары акын Э. Турсуналиевдин көзү өткөндө "Кош устатым" аттуу Амантай Кутманалиевдин жоктоосу жана да ааламга атагы чыккан, XX - XXI кылымдын теңдешсиз алп жазуучусу Ч. Айтматов каза болгондо акын Элмирбек Иманалиевдин өксүк, жоктоосун айтууга болот. Ошону менен бирге учурдагы жоктоо ырларын дагы кездештирүүгө болот. Салттулукту сактап, жоктоонун ритми менен кайрып, мунайым менен угуучулардын сезиминен орун тапкан Акматбек Султан уулунун, Б. Акматовдун устаты Э. Иманалиев каза болгондо жоктогону, А. Болгонбаевдин акын З. Ажыматовду, К. Тукешовдун ажы Ч. Жалиловду жоктогон ырларын мисалга келтирсек болот.

Кандай өнөрдө, кайсы кесипте болбосун каранаар тоосу, карманаар туткасы, акылын айтып, нуска кеби менен туура багыт берип, жол көрсөтүп, бел болгон адамы оо дүйнө салса, үйрөнчүк үчүн жер аңтарылгандай, астын-үстүн болуп, жан дүйнөсү дүрбөлөңгө түшүп, кабыргасы кайышып, ичи толбой, караңгыда көз тапкан, капилеттен сөз таап берген эң жакын адамынан айрылуу шакирт үчүн ааламда, жеке рухий дүйнөсүндө орду толгус жоготуу, ат көтөргүс оор үшкүрүк болсо керек.

Кыргыз окумуштуулары жоктоо ырлары боюнча системалуу изилдөө жүргүзбөсө дагы салттык ырлар боюнча өз пикирлерин айтып, эмгектерин жазып кетишкен. Буга Б.Кебекова, Р.Кыдырбаева, К.Даутов, М.Мукасов, А.Обозканов, Б.Садыков, Э.Усупбаева, Ш.Үмөталиев баш болгон белгилүү окумуштууларды мисал келтирсек болот.

Чыгармачылыкта болобу же жашоодогу, ар кандай тиричиликте болобу ата-баладай болгон жакындык, бир туугандык сезим, чын дилинен таза жүрөктөн, ак ниеттик менен кылган мамиле устат менен шакирттин ортосундагы айтылбаган сөз, ачылбаган сыр бойдон калат окшобойбу. Себеби, Устаттын да бир учурда шакирт болгону, а шакирт да бир мезгилде устат болуп, тагдыр менен туз буйруп, шакирттери болоору нечен миң түрлүү болгон жашоо табиятынын сыры тура. Мына ушундан улам устат менен шакирттин ортосунда кудуреттүү күч (тазалык, чындык, ишеним) аркылуу өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк болгон эриш-аркактык кылымдар бою муундан муунга өтүп, өз жашоосун үзгүлтүксүз улантып келе жатат. Демек, ушундан улам өнөр

адамдарынын жашоосунда дагы бири-бирине болгон ызаат, рухий улуулукка баш ийүү, чыгармачылык башатта теңдешсиз, зор күч экени талашсыз. Буга талантын талант жеңе алгыс, өнөрүн өнөр бере алгыс, төкмө акын, өнөр ээси Эстебес Турсуналиевдин оо дүйнө салганында "толкутуп турчу жыйынды, торгойдун үнү тыйылды" деп шакирти, акын Амантай Кутманалиевдин улуу устатына таазим кылып өзүнүн армандуу "Кош устатым" аттуу жоктоо ырынын жаралышы мисал боло алат. Чыгармада негизги өзөк шакиртинин каңырыгы түтөп, жанын коёрго жер таппай, ичи толгон бугу баяндалат. Мисалы:

Карарып баткан күндү айтам,
Капилет каран түндү айтам,
Кабырга сөөгүм кайышып,
Кардыгып турган үндү айтам,
Карааным устат өткөнүн,
Калкыма айтпай кимге айтам-дейт.

Чыгармада акын окуяга ылайыктуу кылып каймана түрдө, адам өлүмүнө байланыштырып, ага себепкер болгон ажалга мүнөздүү көрүнүштү "Карарып баткан күн, капилет каран түн" деген салыштыруулар менен таап, жоктоо ырынын көркөмдүүлүгүн арттыра алды. Андан соң чыгармадагы ой өзүнөн өзү ачыкка чыгат. Мында, күтүлбөгөн жерден устатынын дүйнө салгандыгын айтып, кабырга сөөгү кайышканын айтып, ичиндеги кайгы, муңун өнөрдү бийик тутуп, аздек кылып сыйлаган элине кабарлаганы чагылдырылат. Андан аркы саптарында төкмөлүк чеберчилик менен устатын кашкайган мөлтүр булакка, сайрап турган булбулга салыштырып, аманында алты дубан кыргызды аралап атакка ээ болуп, жаш чагынан комуз кармап ырдап, эл ичинде аттын кашкасындай таанымал тарыхта аттары калган эл шайырлары, өнөр ээлери менен таанышып алардан бата алганын, калк акыны аталып, казак-кыргызга тең болгонун айтып келип кылымга өнөрү менен аты калган белгилүү Калык, Осмонкул өткөндө, "өзөндүн суусу соолгондур, өзөккө кайгы толгондур, орду толгус болгондур" деп жез таңдайлардын артынан жөнөгөнүн айтып, чыгармачылыктын жогорку деңгээли аркылуу баяндап келип, өксүк аралашкан ый менен "эми кулунуң балаң мен жетим" деп жалгызсыраганын, "атадай эле көрчү элек, айланып күндө келчи элек" деп ушунчалык устатына берилгенин таасын чагылдырып туруп, андан соң:

Бозоргон чөлдүн шамалы,
Боздоткон өлүм амалы,
Боору таш жексур ажалдын,
Боздотуу тура талабы,
Болкулдап ыйлап бөк түшүп
Боздосок кайдан табалы.

Карарган тоонун боорунда,
Кайберен жатат сулайып,
Карааның көргө узатып,
Какшанып калдык муңайып,
Кас ажал экен айласыз,
Кантелик, кандай кылалык?-дейт.

Келтирилген ыр сабагынын башкы жолдору бир өңчөй үнсүз “б”, “к” тыбыштары менен башталып аллитерациялык ык менен аксак уйкашта түзүлдү.

Ал эми чыгармадагы негизги ой өлүмдүн, ажалдын ырайымсыздыгын айтуу менен табияттын мыйзамына баш ийүү менен тээ атам замандан бери адам баласы канча жан аракетке түшкөн менен кайтарып кайра алалбаары, маңдайга жазган, өксүктүү буйрук ушул экендиги армандуу баяндалат. Андан соң акын ошол мезгилди, (бекеринен акын мезгилдин үнү болбосо керек да) учурду сүрөттөп, устатын акыркы сапарга узатуу ушунчалык оор экендигин каңырыгы түтөп, ботодой болуп буркурап боздоп калган учурун айтып, арга жок:

Жаш алып сыздап турабыз,
Жаш кары жалпы баарыбыз,
Жазмыштын иши бул экен.
Эми,
Жаннаттан болсун жайыңыз-деп

Өлбөс-өчпөс эл шайырынын кайра келгис түбөлүк жайга күйүт аралаштырып, өнөрлөшү, устатына таазим кылып акыркы сапарга урмат кылып ыр жолу менен узатат.

Албетте, чыгармачылыктын да татаалдыгы бар. Сүйлөсө сөз, жамактатса эле ыргак, уккулуктуу, түбөлүктүү ыр жолдору түзүлө бербээри анык. Ал үчүн чыгармачылык даярдык, эргүү жана күчтүү талант керек. Бул жагынан акын Амантай кыйла тажрыйба топтоп, улуу өнөрдү туу тутуп, бай мурастын кыйла сырын билип бир дем менен кыр ашып калгандыгы жогорудагы тексттеги жеткиликтүү, жүрөгүңөн түнөк таап муңканта турган каймана салыштыруулары менен ойлору, уйкаштырып ыр кураган ыкмасы, чыгармачылыктын чыйыр жолун салып устаттын өзүн жоктотпой “атан өлсө тайлак бар, кому жерде калбаган” өңдүү руханий жактан бай мураска ээ болгон түптүү журттун уучу кур эмес экендигинин дагы бир далили катары тастыктай алды. Жоктоо, эскерүү ырлары өзүнүн ички тематикалык мааниси, идеялык, көркөмдүк жагынан гана эмес акындардын салттуу чыгармаларынан болуп эсептелинип, таанып билүүчүлүк гана эмес, тарбиялык мааниси да абдан зор экендигин айгинелей алат.

Табиятта ар бир нерсенин ички дүйнөсү менен тыш келбети төп келген бирдейлик чанда кездешээри мыйзам ченемдүү көрүнүш. Мына ушундай керемет нерсени, жан дүйнөсү таза, акыл оюу терең, азыркы сөз менен айтканда интелектуалдык сапаты жогору, анан да сырткы келбетичи? Кандай гана келишимдүү, бир карасаң айбанаттардын падышасы арстандай, бир карасаң адамдын сырттаны, көргөндө адамдын купулуна толуп, өзүнө тарткан аурасы, ар бир баскан кыймыл аракети, караганы, баш ийкегилегени, токтоо мүнөз сүйлөгөнү, коңур үнү, жагымдуу күлкүсү, айтор кайталангыс, эки миң жылдан ашык көксөп келген кыргыз элинин улуу уулу Чыңгыз Айтматов эле. Мына ошол алыскы Ала-Тоонун башындагы ак мөңгүдөй болгон аппак жүз менен Асмандагы таза аруулук, ниет болгон Ак булут бүгүн көрүнбөгөнү? Эмне болгону? Кайда кеткени тууралуу Улуу инсандын дүйнө салганындагы акыркы сапарга узатууда акын Элмирбек кечээки менен бүгүнкүгө, бүгүнкү менен эртеңкиге жана да келечекке көз чаптырып, акыл калчап, акындык өнөрдүн улуулугу жана касиеттүү күчү менен кыргыздардын рухий атасы Чынгыз Айтматовдун бейнесине арнап, жалпы акындык чеберчилик менен күйүт-өксүк аралашкан “Чыңгыз өлбөс болсочу” аттуу дастанга тетерлик чыгармасын жаратты.

Албетте, алп жазуучунун көзү өткөндө кимдер гана кайгырбады, кимдин гана көзүнө жаш келбеди “карагай ыйлап, тал ыйлап, карап турган бала ыйлап” дегендей, жан дүйнөсү таза тестиер баладан тартып, дини, тили бөлөк ар түрдүү улуттун өкүлдөрү, деги эле адамкерчилиги бар адамдар кары жашка карабай ыйлап турушту. Таанымал акын, жазуучулардан тартып белгилүү инсандар, коомдук ишмерлер, карапайым адамдарга чейин ыр чыгарышып жоктоп, эскеришти. Булардан айырмаланганы да, өзгөчөлөнгөнү да Элмирбек Иманалиевдин жоктоосу болду. Себеби, кыргыздын колунан жаралган улуттук аспап болгон комуздун мукамы менен коштоосу жана акындык чеберчиликке тиешелүү үн, кайрык менен созушу угармандын жүрөгүнөн түнөк таап, ички сезимин ойготуп, жан дүйнөсүнө бүлүк түшүрүп, болуп жаткан окуяны элестүү картина кылып чагылдырып, көзүнө жаш алдырып, дене боюн дүркүрөтүп турушу акындык өнөрдүн улут үчүн дүйнөдө теңдешсиз рухий зор күч экенинин дагы бир далили боло алды.

Поэзияда сөздүн кубаттуулугу образды ачууда, анын кулк мүнөзүн берүүдө ошол шартка, мезгилдин талабына жараша болот. Көркөм сөз ойду ачыктап, анын сапатын, тереңдигин даңазалап, сөздүн таамай болушу менен залкар ойду берип анын көркөмдүгүн арттыраары белгилүү. Буга төмөнкү ыр саптары мисал:

Айтайын сөздүн чындыгын,
Азалуу болду бул кылым.
Манастан кийин кыргызым –
Мактаныч кылчы Чыңгызың:
-Айтматов Чыңгыз жаркыган,
Ак таңыбыз дечи элек.
Айтылып бүтпөс дүйнөдө,
Дастаныбыз дечи элек.
Ааламдык адабиятта,
Арстаныбыз дечи элек.-дейт.

Акындын поэтикалык тилге карата болгон мамилесине көз жүгүртсөк фольклордук салттуулукту улантып, анын көркөмдүк өзгөчөлүгүн өздөштүрүү менен жаңы салыштырууларды, ойлорду жана жаңы маанини киргизип жатат. Айрыкча “Манастан кийин, Ааламдык адабиятта, Арстаныбыз дечи элек” деген саптардагы жаңы салыштыруулар, көркөм сөз чыгарманын ажарын ачуу менен **образ** аркылуу жоктоо ырына жаңылык киргизди, эскерүү ырынын новатору боло алды. Себеби, мындагы колдонулган “Азалуу кылым”, “Жаркыган ак таң”, “Бүтпөс дастан”, “Ааламдык адабиятта, Арстан”, “Манастан кийин мактанчы кыргыз” деген жаңы ойлор, салыштыруулар буга чейинки бир дагы инсан же эпостук каармандарга айтылбайт. Демек ушундан улам адамзатынын теңдешсиз сырттаны Чынгыз Айтматов экени реалдуу турмуш чындыгы.

Новаторлук ар дайым традиция менен бирге өмүр сүрөт. Салттуулукту сактабай туруп жаңычылдык, жаңы нерсе жаралбаары белгилүү. Ушундан улам кандай гана өнөр болбосун алардын өкүлдөрүнүн арасында муун аралык көркөм нарк жашайт. Ал эми ар бир чыгармачыл өнөр адамынын табияты, чыгармачылык жолу ар башка. Мисалы: салттуулукту кандай колдонот, жаңычылдыкты кандай жарата алат? Мунун баары ошол акындын чеберчилигине жараша болот. Салттуулукту өздөштүрүү дагы өзүнчө өзгөчөлүккө ээ. Бул жагынан Элмрбек Иманалиев чыгармачылыкта өз ордун табуу менен учурда акындык поэзияга өзүнүн салымын кошо алды. Мисалы:

Эх арман,
Ак жамгыр боздоп төккөндөй,
Ак бороон улуп өткөндөй,
Ала-Тоонун башынан,
Ак мөңгү эрип көчкөндөй,
Атасы кетти рухтун,
Айласыз дүйнө көнгөндөй - дейт.

Мына поэтикалык тексти талкуулап, талашып, тартышуунун эч кандай кажети жок. Тек гана үндөшүү бар. Албетте, өнөр адамы оозеки чыгармачылык менен бай рухий булактарга таянуу менен окуядагы салыштырууларды өздөштүрдү, үйрөндү – бул жагынан акын салттулукту сактады. Оюбуз ачык болсун үчүн легендарлуу акын Буканын Айхандын баласы өлгөндө угузганындагы “Көктөн көк-ала булут сөгүлөт, Көнөктөп жамгыр төгүлөт” (Комиссия, 2002, s. 11) же Токтогулдун “Карчыга кушту качырдым, кара белди ашырдым” жана башка ушул өңдүү мисалдарда окшоштук, кайталоо эмес жалпы чыгармачылыкка тиешелүү гана үндөшүү бар экенин белгилемекчибиз. Ал эми айырмачылыгы акын салыштыруулар менен катар кыргыз эли илгертеден бери “Ак” деген нерсе **ыйык** экенинен жана ал ыйыктык образдын **облигине** гана ылайык келээри жогорудагы мисалда даана, так, ачык чагылып олтурат. Албетте, андан соң акын ошол мезгилдин, учурдун, азыркы доордун үнү болуп, элдин кайгысын “Эр Манас эки өлгөндөй” деген салыштыруу аркылуу чагылдыруу менен улуу инсандын улуулугун ааламга кызмат кылганын айтуу менен чыгармачылыгындагы кээ бир каармандарга токтолуп, дүйнө элин кыргыздын жаныбарларына, адамдарына көңүл бурдурган даанышмандыгын айтып келип андан соң замандын шартына ылайык атасынан эрте калып, энеден таалим алганынан, бала чагынан тартып элине, жерине кызмат кылып келгенин, эми ошол алыста ооруп жатканда элиң, жериң, ыйык көлүң баары эсиңе түшкөндүр деп өксүк аралаштырып айтуу менен бирге бир катар белгилүү талант ээлерин санап, алардан айырмасы ааламга өзүнчө эле бейне түскөнүн баяндап, дүйнөдө ошол алптардын баарынын жолун ажал тосконун бирок өнөр эч качан өлбөөрүн, өмүрүн улантып жашай берээрин белгилеп келип, чыгармачылыгында чектелип калбай, көз алдында байкалган өзгөрүүлөр менен кубулуштарды, ар кандай коомдук турмуш менен айкалыштыра да, салыштыра да ырдады. Ошон үчүн акын чыныгы турмушту чыгармага негизги материал кылып алуу менен эл мүдөөлөрүн чагылдырып төмөнкүчө баяндады:

Алтындан турган дүнүйө,
Тонолгонун көргөмүн...
Акылдан курган дүнүйө,
Тонолгонун көрбөдүм!
Эл сүйбөгөн бийликтин,
Жоголгонун көргөмүн.
Эл сүйлөгөн өнөрдүн,
Жоголгонун көрбөдүм.

Ошол,

Өнөргө таазим ийгиздиң,
Өлбөстүгүң билгиздиң.
Таанылып далай элдерди,
Талантың менен сүйгүздүң – дейт.

Акын чындыкты айтты. Дүйнөдөгү эң таасирдүү, күчтүү державанын (СССРдин) жок болушу, өзгөрүшү буга далил. Ал эми калктын үнү болгон эл мүдөөсүн жактаган өнөргө таазим ийгизгенин, түбөлүккө калаарын белгилеп, бирок, ошол эл сүйлөгөн, эл сүйгөн өнөрдүн ээси болгон алп таланттын дүйнө салышы оор жоготуу экенин ааламдагы нечен эл, өлкө башчылары тең жоктогонун, кабыргасы кайышып кыргыз эли жоктогонун өксүк, күйүт аралаштырып айтып өтөт. Бирок, элдин рухий атасы болгон Чынгыз Айтматовдун жаркын элеси кылымдар бою элдин жүрөгүндө сакталып, чыгармалары адам баласынын улам жаңы муунуна кызмат кылып, түбөлүккө жашап, акын эскергендей “Асмандын көкүрөгүндө, ак жылдыз болуп” жалпы Түрк дүйнөсүнүн арасында жаркырап өмүр сүрө берээри тарыхый чындык.

Деги эле жоктоо, эскерүү ырларында тематикалык ар түрдүүлүк мүнөздүү экени жана ушул өзгөчөлүгү менен акындык поэзияда өзүнчө түр, жанр катары каралуу менен өзүнүн актуалдуулугун күн санап арттырып, эл арасында өлбөс, өчпөс түбөлүктүү жашоосун улантып келет.

**Колдонулган адабияттар**

Осмонкул. (1968). *Чыгармалар*. Фрунзе: Мектеп.

Комиссия. (1989). *Токтогул II томдук.* Фрунзе: Илим.

Садыков А. А. (2004). *Осмоновдун өнөркана сыры*. Бишкек: Турар.

Комиссия. (1946). *Кыргыз эл акындары*. Фрунзе: Кыргызмамбас.

Ысмайыл. (1990). *Ырлар, эскерүүлөр*. Фрунзе.

Комиссия. (2002). *Кыргыз адабиятынын тарыхы*. 5-том. Бишкек: Шам.